## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 17.018.21**

***Найманбаев М.Ж. -*** *п.и.к., доцент,* ***Чоюнова А.Т. -*** *доцент*

# *Баланын курагын эске алып тарбиялоо.*

Тарбия процессинде социалдык, психологиялык жана педагогикалык кубулуштардын биримдиги камтылган. Анын табиятын ушулар мүнөздөйт. Баланын коомдук маданиятты жана элдин руханий асылзат баалуулуктарын өздөштүрүүгө болгон астейдил аракеттерин уюштурулуп жаткан тарбия процесси канчалык күчтүү чагылдырса, ал процесс мезгилдин социалдык талабына ошончолук деңгээлде жооп берген болот. Тарбиянын борборунда өсүп, калыптанып, өнүгүп жаткан инсан (бала) турат. Бул баланын психологиялык, курактык өзгөчөлүктөрүн, анын өсүп, өнүгүү мыйзамченемдүүлүктөрүн, эмоционалдык, интеллектуалдык функцияларын билбей туруп, тарбияны тажрыйбалуу, жемиштүү уюштуруу мүмкүн эмес.

Тарбия процессинде социалдык максатты ишке ашырып, тарбиячынын оптималдуу тажрыйбасын түзүүгө шарт жаратып, белгилүү системаны аныктоо тарбиядагы педагогикалык жагдай болуп саналат. Тарбия процессинин эбегейсиз татаалдыгын мына ушул кубулуштардын биримдиги айгинелейт.

Тарбия процессиндеги өзгөчө бир көрүнүш тариячынын иш-аракетинин натыйжасы обьективдүү мыйзамченемдүүлүккө гана жараша болбостон, анын инсандык касиетинин өзгөчөлүгүнө, кулк-мүнөзүнө, балага жасаган ызаттуу мамилесине жана тарбиячынын чеберчилигине да жараша болот. Адамдык гуманисттик мамиле инсандын жан дүйнөсүн байытып, азыктантып, иш-аракеттин мыкты үлгүлөрүнө ээ кылып, анын жүрүм-турумун жакшы жакка өзгөртүп, адеп-ахлактык натыйжалуу нукка салат. Адамдык мамиле гана чыныгы инсандык касиеттердин калыптануусу үчүн зарыл чөйрөнү түзөт. Дүйнөлүк баалуулуктарды, мыкты каада–салт, үрп-адаттарды өздөштүрүп, жалпы адамзаттык маданияттын элементтерине ээ болуусу жана инсандык идеалдын калыптануусу да баланын адамдарга жасаган мамилеси аркылуу ишке ашат.

Балдарды тарбиялоо үчүн тарбия процессин уюштурууда алардын жаш курагын эске алуунун мааниси өтө зор. Үй-бүлөдө чоңоюп калган балдарга жана жаш балдарга тиешелүү иштерди берип, ата-энелер чогуу иштешип, андай жумуштарды аткарууга керектүү болгон ык, машыгууларына акырындык менен ээ кылышы зарыл болуп эсептелет. Мектепте класс жетекчилери деле жогорку класс окуучуларына өзүлөрү аткаруусун ишенип берип койгон иш-чараларды башталгыч класстын окуучулары менен өзү кошо аткарышат.

Сабак өтүүдө болобу, класстан тышкаркы тарбиялык иштерди жүргүзүүдө болобу сөзсүз түрдө балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө карата мамиле түзүү, татаал маселелерди жөнөкөйлөтүү зарыл.

Окуу процессинде мугалимдер окутуу методдорун окуучулардын жаш курагына карап тандашы керек. Алсак, лекция жогорку класстарга гана колдонулат. Ал эми аңгеме методу бүт класстарда эле колдонулат. Бирок, башталгыч класстардагы аңгеме методу эмоционалдуулугу, элестүүлүгү менен айырмаланат. Башталгыч класс окуучуларына билим, тарбия берүүдө көбүнчө көргөзмөлүүлүк методдору: иллюстрация жана демонстрация көбүрөөк колдонулат. Себеби бул куракта балдардын табигый өнүгүүсүнө ылайык образдуу эс жана образдуу ойлоо жакшы өнүккөн учур болуп эсептелет.

Ошондуктан балдардын эсине көргөзмөлүү-элестүү түшүнүктөр жакшы сакталат. Ошондой эле мындай түшүнүктөр алардын активдүү көңүл буруусуна жана кызыгуунун жакшы болушуна шарт түзөт.

Кенже мектеп окуучуларында төмөндөгүдөй жалпы өзгөчөлүктөр кездешет:

1. Кенже мектеп жашындагы балдар көргөзмөлүү түшүнүктөрдү эстеринде жакшы сакташат.
2. Эгерде сөз конкреттүү предметтердин атын билдирсе, эстеринде жакшы калат, сакталат. Ал эми сөз абстрактуу түшүнүктөрдү билдирсе, эстеринде жакшы сакталбайт.
3. Кенже мектеп жашындагы балдарда сөз-логикалык эске караганда, образдуу эс жакшы өнүгөт.

Ал эми өспүрүм курагында, башкача айтканда 12-15 жашында кенже мектеп жашындагы балдарга салыштырмалуу өспүрүмдөрдүн ойлоо, эске сактоо каражаттарына ээ болуу ыктары бир канча эсе жогору өнүгөт. Өспүрүмдөр окуу материалын эске сактоо, эске түшүрүү үчүн салыштыруу, анализ, синтез, системалоо, классификациялоо, жолдорун колдонушат. Образдуу эске караганда сөз-логикалык эс жакшы өнүгө баштайт. Кенже мектеп курагындагы балдар окуу маалыматтарын сөзмө-сөз жатоого аракеттенишсе, өспүрүмдөр окуу материалынын мазмунун аңтарып, терең түшүнүүгө, негизин билүүгө, негизги ойду бөлүүгө аракеттенишет.

Өспүрүм курагында эрктүү көңүл буруу жогорулайт. Алардын ойлоо иш-аракеттеринде абстрактуулук  жөндөмдүүлүктөрү өнүгүп барат. Мугалимдин сабак учурунда айткан пикирине, окуу-материалынын мазмунуна терең ой жүгүртүшүп, өздөрүнүн мамилелерин билдиришип, өздөрүн эркин кармашат. Өспүрүм курагында чыгармачылык ойлоо да жакшы өнүгө баштайт. Чыгармачылык ойлоону өнүктүрүүдө мугалимдин окуучуларга түзгөн шарты, ишеничи, сабактын методикалык жактан туура уюштурулушу негизги орунга ээ болот. Өспүрүмдөрдүн өз алдынча ой жүгүртө билишине акыл активдүүлүгү көтөрө турган проблемалык суроолордун коюлушу да чоң жардам берет.

Жогоруда айтылгандай кенже мектеп жашындагы окуучулар менен өспүрүм курагындагы окуучулардын ортосунда психологиялык курактык өзгөчөлүктөр кездешет. Ошондуктан ар бир курактын анатомиялык-физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын табиятына ылайык шайкеш тарбиялоо учурдун талабы болуп эсептелет. Окуучуларга түрдүү талаптарды коюуда да жаш курагы сөзсүз эске алынууга тийиш.

Ошондой эле тарбия процессинде ар бир баланын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуунун ролу өтө чоң. Анткени, ар бир баланын өсүп жетилүү жолунда бириникине бири окшобогон эч качан кайталангыс касиеттер, мүнөздөр түптөлөт. Ошондуктан ар бир мугалим жана ата-эне баланын нерв иш-аракеттеринин тибин, акыл жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун, шыгын, бул же тигил жүрүм-турумга түрткү берип жаткан мотивин жакшы билүүгө милдеттүү. Ансыз балдарды туура жолго салып, ийгиликтүү окутуп, тарбиялоо мүмкүн эмес. В.А.Сухомлинский: «Жакшы мугалимдин бир эле сабагында бир окуучу беш татаал маселени иштеп чыгаргыча, экинчи бирөө бир жөнөкөй маселени зорго чыгарат. Ар бир окуучу маселе чыгарууда өз алына жараша алдыга жылат»-деген ойду айтуу менен окуу, тарбия ишинде балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн толук эске алуунун өтө зарылдыгын белгилеген.

Белгилүү окумуштуу психологдор Л.С. Выготский, Д.Б.Эльконин ж.б. өсүп келе жаткан баланын белгилери: боюнун өсүшү, чоң кишилердей болууга аракеттенүүсү, кээ бир турмуштук маселелерди өз алдынча чечүүгө умтулуусун белгилеп көрсөтүшкөн. Ушундай эле ойлор кыргыз эл акындары Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Барпы

Алыкулов ж.б. чыгармаларында дагы айтылып, алардын мааниси жогорудагы окумуштуу психологдордун ойлору менен шайкеш келет.

Окумуштуу К.Жаныгулов «XIX-XX кылымдын башындагы кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлору» деген темадагы диссертациялык эмгегинде куракты төмөндөгүдөй кылып бөлүп көрсөтөт:

- Төрөлгөндөн бир жашка чейин - ымыркай, чиедей, наристе;
- 1жаштан 3 жашка чейин - балдырак, бөбөк, күл чачаар;
- 4 жаштан 6 жашка чейин - бүлдүргүч, бок мурун;
- 7 жаштан 11жашка чейин - жеткинчек, өскөлөң секелек;
- 12 жаштан 14 жашка чейин - өспүрүм, балагат;
- 15 жаштан 19 жашка чейин - бой жеткен, боз бала, бозой, бийкеч;
- 20 жаштан 25 жашка чейин - боз салкын, эр жигит, жигиттик курак;

Мына ушул куракттык мезгилдерге ылайык туура тарбия берүү, алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу абдан зарыл.

Чындыгында ымыркай кезинде, жаңы төрөлгөн баланы адамдарга көп көрсөтпөй, ырымдап багуу, жакшы ат койдуруу, сый урматтуу байбичеге бешикке салдыруу, шамдагай, күлүк балага тушоосун кестирүү салтка айланган.

Ал эми балдырак, күл чачаар курагында бала курчап турган чөйрөдөгү педметтерди таанып билүүгө аракет жасайт. Предметтердин атын, бири-биринен өзгөчөлүгүн, айырмасын аңдап түшүнүп, колдонулуш максатын билип калат. Мында баланын активдүү кеби калыптанат. Бала менен баарлашууга көбүрөөк көңүл буруу керек. «Жеткинчегинде жетилт» дегени бул куракттагыларга таалим-тарбия берүүнү системалуу жүргүзүү менен тиешелүү турмуштук тажрыйбаларды үйрөтүп, баланы социалдык чөйрөгө адаптациялоо ж.б. Себеби, жеткинчек курагында баланын социалдык жана таанып билүүчүлүк тажрыйбасы жаңы түптөлүп, бекемделип келе жаткан учур болот.

«Өспүрүмүндө өстүр» деген накыл сөз да бекер жеринен айтылбаган. Элдин эчен кылымдык турмуштук тажрыйбасынын негизинде тастыкталган тажрыйбалуу ой корутундулары болуп саналат.

Куракттык өзгөчөлүктөргө карата балдарга таалим-тарбия берип, турмуштук ык, машыгууларын калыптоого ылайык ата-бабалардын түркүн накыл сөздөрү бар. Алар тарбиянын түрдүү багыттарына ылайык колдонулуп келген. Мисалы, «Жаш келсе ишке, кары келсе-ашка» деп, жаштарды эмгекке жана да улууларды сыйлай билүүгө, адеп-ахлактуу, нарктуу болууга үндөгөн. Ошондой эле «Жашыңда берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү», «Ашың калса да, ишиң калбасын» деп эмгектин улуулугун таанып билүүгө тарбиялаган. Эмгектин адам турмушундагы баа жеткис ролун даңазалаган. Балдардын чала кылган иши үчүн уяткарып, «Бала, баланын кылганы-чала», «Бала көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат»-деп уялтып, «Бала тарбиясы жашынан, келин тарбиясы башынан» деп, кичинекейинен тарта бекем, бирдиктүү, үзгүлтүксүз тарбия берүү проблемасын белгилейт, башкача айтканда тарбиялык ишти баланын куракттык өзгөчөлүгүнө карата жүргүзүүнүн зарылдыгын, ошондо гана ал бекем, жеткиликтүү болорлугун айгинелеп көрсөтүп отурат. «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» деген накыл сөз да баланын курагына ылайык айтылган кеп катары туюнтулат. Себеби бала өзүнүн аракети, күчү менен гана тигил же бул нерсени өздөштүргөндө анын эсинде жакшы калат жана анда өзүнө болгон ишеним өсүп активдүүлүк жогорулайт. Баланын курагына карата мамиле жасоо, ошого ылайык (сабактын) окутуунун жана тарбиялоонун методдорун туура, так колдонуу эффективдүү жардам берет.

Элибизде балалык бардык жакшы нерсенин башаты экендиги эң сонун эске алынган. «Баланы башынан» тарбиялап-көнүктүрүү, машыктыруу керектигине принциптүү мамиле жасалган. Ошондой тарбия гана баланы түрдүү өнөргө, адеп-ахлакка, эмгекке үйрөтүүдө келечектүү болору практикада сыналган. Ошон үчүн улуулар адеп-ахлактын, эл-жерди сүйүүнүн, түрдүү эмгек менен өнөрдүн эң мыкты үлгүлөрүн бала кезден үйрөнүүсүнө катуу көңүл коюшкан. Адамдар нарктуу карыялардын айтканына балдарынын кулак салып, тыңшап үйрөнүүсүн талап кылган. Өнүп-өскөн, барктуу, нарктуу үй-бүлөлөрдүн тажрыйбаларын үйрөтүшкөн. Балдарын ошондой өсүшсө экен деп тилек айтып, ырымдашкан. Мындай ырымдар, накыл кептер элибизде өтө көп жана күчтүү педагогикалык таасирге ээ.

Ушундай элдик педагогикалык салттар, маданият жана балдарды тарбиялоого коюлган шарттар келечек муундардын татыктуу тарбия-таалим алышына карата түзүлүп, анын бекемдүүлүгүн жана келечектүүлүгүн камсыз кылган.

«Жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста», «Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй–сүйлөй чечен болот», «Күлүк-күнүндө, тулпар тушунда»- деген накыл кептер тарбия-таалимдин жана адам баласынын таанып - билүүсүнүн үзгүлтүксүздүгүн, түбөлүктүүлүгүн белгилейт. Баланын, ар бир куракттын психологиялык мүнөздүү өзгөчөлүгүнө карата тарбиянын натыйжалуу, ыйгайлуу методдорун, ыкмаларын жагдайга жараша туура колдонуу педагогикалык таасир көрсөтүүнү күчөтүп, окуучунун ар тараптуу активдешүүсүнө шарт жаратат.

***Адабияттар***

1. *Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т.* Педагогика. Б., 2002, 278-бет.
2. *Миңбаев К.* Курак жана педагогикалык психология. Ош,1998
3. *Сухомлинский В.А.* Избранные педагогические сочинения. Т.3.
4. *Рысбаев С.* Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. Б., 2006, 141-бет.